Кыргыз Республикасы
Баткен областы
Кадамжай району
Совет айыл аймагынын
айылдык кенеши

Кыргызская Республика
Баткенская область
Кадамжайский район
Айыльный Кенеш Советского
айыльного аймака

Совет айылдык кенешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз онунчу

сессиясы

Токтом №15

Совет айылы 15.09.2022-жыл

"Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын
15-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндөгү"
№284 жарлыгын аткаруу жана жергиликтуу курултайды
уюштуруу жонундо

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик Курултайга КР айылдык аймактарынан жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА" ылайык маселени карап жана талкуулап чыгып, Совет айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Совет айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрь куну Совет айыл өкмөтүнүн Маданият үйүндө саат: 16:00 чакырылсын.

2.Совет айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 20 (жыйырма) делегаттан турары белгиленсин.

3.Совет айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 5 (беш ) адамдан бекитилсин. (1 тиркеме)

4.Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 15-октябрдан 20-октябрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн (2-тиркеме) жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөрү эскертилсин.

5.Совет айыл өкмөтү Курултайды уюуштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.

6. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Баткен областык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары Ж.Досатовго жүктөлсүн.

Совет айыл кеңешинин төрагасы: У.З. Коргонбаева